# Тарбиялык саат

## "Кыргыз тилим – менин дилим"




2 - "Г" класс

Класс жетекчи: Турунова Н.

Сабактын темасы: "Кыргыз тилим – менин дилим".

Сабактын максаты:
1. Окуучулар кыргыз тилинин нарк-насилин, азыркы кундогу кыргыз тилин коз жаздымда калтырбоого, ошону менен бирге улантып кетууго уйронушот.
2. Кыргыз тилин мыкты билууго багыт алышат.

Сабактын жабдылышы: буклет, сурот.

Сабактын журушу:

Уюштуруу иштери:

**Мугалим:** Саламатсынарбы, кутман кунунор менен!Тил майрамына арналган класстык саатыбызды баштайбыз.
"Ар бир тил оз эли учун улуу" – деп залкар жазуучубуз Ч. Айтматов бекеринен айтпаса керек. Биз учун кыргыз улуу тил. Эн биринчи класстык саатыбыздын тартиби менен тааныштырсак.
1. Мамлекеттик тилибиз – Кыргыз тилинин гимни менен башталат.
2. Доклад "Кыргыз тили жонундо"

Эне тил! Кандай жонокой, кандай терен, кандай улуу соз! Дал ушул соз ар бирибиздин каныбызды ойнотуп, акылыбызды арыштатып турат. 1989-жылы 23-сентябрда Мамлекеттик тил жонундо мыйзамын кабыл алган эле. Мына бугун 35 жыл болгонун белгилеп отурабыз. Аолбетте, бул баарыбыз учун кубанычтуу, конул которгон окуя.

"Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун.
Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун".

Тил – бул элибиздин нечендеген кылымдарды карытып, урпактардан урпактарга кооноргус касиети менен улуу кочун улаган тарыхы. Улуттун улуулугун сактаган эне тили. Кыргыз эли оз эне тилин суйуп жана аны кылымдардан кылымдарга кастарлап келуудо.

"Адамдын эне тили – анын жан тамыры", "Дил бермети – тил" демекчи жан дуйнодогу ай-тизмектерин тил аркылуу билдиресин да, ошондуктан тээ алыстыктан бери келе жаткан булбул тилдуу тандайынан чан чыккан, кулкулуу кеби кун батырып, тамаша кеби тан аттырган.

Бугункү тил майрамына арналган салтанатыбызды баштоого уруксат этиниздер.

**Декломациялар (эне тил жонундо).**

*Абалтадан салт-санаасын сактаган,*
*Акыл, оюн алыс жолдо тактаган.*
*Кылымдардан кылымдарды карыткан,*
*Кыргызымдын тили менен мактанам.*

*Манас улуу – кыргыз элдин желеги,*
*Ата мурас акыл – ойдун терени.*
*Туболукко ташка тамга баскандай,*
*Кыргыз элдин адамзатка белеги!*
*Жашоодо сен бар учун жарык кунум!*
*Кымбатым эне тилим – эне сутум.*
*Кыргыз тилде суйлогон айкол Манас,*
*Дем берет урпактарга сенин кучун.*
*Тилден келет бабалардын тилеги,*
*Тилден келет жакшылыктын шлеби.*
*Кан айлантkan толтосуна журоктун,*
*Тилибизди, жаныбыз – деп билем.*

*Эне тилим – оз тилим,*
*Эси жоктук иш кылат.*
*Озунун эне тилинде,*
*Суйлобосо озду ким.*

**“Акыйнек”**

**Декломациялар (тил жонундо).**

1.
*Уккан сайын кошугон,*
*Эне тилим – эгизим.*
*Сузуп оттум озунон,*
*Акыл – билим денизин.*

2.
*Эне тилим намысым,*
*Эне тилим – арым да.*
*Билбейм жолдун алысын,*
*Эне тилим барында.*

*Эне тилим – карегим,*
*Сенде менин карегим.*
*Сен турганда мен бармын,*
*Сен турганда бар элим.*
*Эне тилге кайрылып,*
*Бак-таалайлуу болмокмун.*
*Эне тилден айрылып,*
*Калган куну мен жокмун.*

3. "Бугу эне" (корком окуу)
4. "Кыргыз жери" (бий).
5. Макал-лакаптар: (окуучулар алмак-салмак айтышат).

Адамдын коркун коз ачат,
Адамдын коркун соз ачат.
Адам тилинен табат.
Ооздун корку – тил,
Тилдин корку – соз.
Адам созго байланат,
Айбан чопко байланат.
Онор алды – кызыл тил.
Билимдуунун созу откур,
Онорлуунун козу откур.
Ата созу алга суйройт адамды,
Эне созу эпке салат жаманды.
Адам созунон сынат,
Уй муйузунон сынат.
Адамдын данкын чыгарганда тил,
Тарпын чыгарганда тил.

6. "Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын".
7. Жеке номер.

"Жарамазан."

-Коздой учкан кутманын не?
- Ак калпак кыргыз элим.
- Туудай бийик тутканын не?
- Ала-Тоодой кыргыз жерим.

-Колдой турган пирин кайсы?
Эр Манас – бабан экен.
Жолдой турган ырын кайсы?
-Ар намыс – Ата мекен!

*Бийигин болуп жылдыз учкан.*
*Журогумдо жашасын Кыргызсатн!*
*Ак бата тилеп бул турмуштан,*
*Кайкып учар канатын – Кыргызстан!*

**Ушул тилекке жеткизген улуу жолубуз байсалдуу болсун! Ушуну менен тил майрамына арналган майрамдык кечебиз сонуна чыкты. Коргонунуздор учун чон ырахмат!**